**" Келчи кайра "**

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Кадыров Алтымыш Кадырович

Көктөм сайын сени эстеп,

Куса болом, жүрөк дегдеп.

Жазгы жамгыр менен кеткен,

Көз алдымдан элес кетпейт.

Кайырма:

Коштошордо коомай кармап колдорумдан,Сен кургур ыйлай бердиң.

Ошол жазга жетмек кайда, Кучагыма келчи кайра.

Жолдорубуз эки болуп,

Жолугушпай калдык эми.

Жомок болуп кала берди,

Өткөн сүйүү өчпөй деми.

Кайырма:

Жан дүйнөмө көктөм келди,

Турам дагы эңсеп сени.

Сагынычымды сага деген,

Жеткирсе экен жаздын жели.

Кайырма: